**УДК: 373.2**

***Касымова Г. А., Атышова Н., Казиева Э., Калыбек кызы А.***
*Касымова Гүлжамал Абдиловна – п.и.к., доц.м.а., С. Нааматов атындагы НМУ;*
*Атышова Н. – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ;*
*Казиева Э. – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ;*
*Калыбек кызы А. – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

# ТАРБИЯЛОО ПРОЦЕССИНДЕГИ АТА-ЭНЕ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГДОРДУН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН БААЛУУЛУГУ

# ЦЕННОСТЬ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ РОДИТЕЛЕЙ И СОЦИАЛЬНЫХ ПЕДАГОГОВ В ПРОЦЕССЕ ВОСПИТАНИЯ

# THE VALUE OF THE ACTIVITIES OF PARENTS AND SOCIAL PEDAGOGUES IN THE PROCESS OF EDUCATION

***Аннотация:*** *Балдардын ар тараптуу өнүгүүсүндө үй-бүлө, ата-эне, мугалим, класс жетекчинин, соцпедагогдун, ж.б. таасири өтө зор. Сүйүү жана түшүнүү атмосферасында өскөн балдардын ден-соолугунда, окууда, курдаштары менен баарлашууга тийиштүү көйгөйлөр жокко эсе болмокчу. Окуу процессинин жалпы катышуучуларынын бирдиктүү, максаттуу жана пландуу иш аракеттеринин натыйжасында ар тараптуу өнүккөн инсандарды тарбиялоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болобуз.*

***Аннотация:*** *Роль семьи, родителей, учителя, классного руководителя, социального воспитателя и др. во всестороннем развитии детей очень велика. У детей, которые воспитываются и формируются в атмосфере любви и понимания, не будет проблем со здоровьем, обучением и общением со сверстниками. В результате совместной, целенаправленной и планомерной деятельности всех участников образовательного процесса мы получим возможность воспитывать всесторонне развитых личностей.*

***Abstract:*** *Role of family, parents, teacher, class teacher, social educator, etc. Children are very important in all-round development. Children who are brought up and formed in an atmosphere of love and understanding will not have problems with health, education and communication with peers. As a result of the joint, purposeful and planned activity of all participants in the educational process, we have the opportunity to educate well-rounded individuals.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *тарбиялоо, окуу-тарбиялоо процесси, ата-эне, коомчулук, социалдык педагог, социалдык педагогикалык ишмердүүлүк, үй-бүлө.*

***Ключевые слова:*** *воспитание, воспитательный процесс, родители, сообщество,*

*социальный педагог, социально-педагогическая деятельность, семья.*

***Key words:*** *education, educational process, parents, community, social pedagogue, social pedagogical activity, family.*

Азыркы мезгилде окуучуларды жана жаштарды тарбиялоонун абалы жалпы агартуу системасында актуалдуу маселе. Ар бир мамлекет өз адистерин даярдоодо, окумуштуулар бул багыттагы ишмердүүлүктүн жеткиликтүү болбой жаткандыктары тууурасында коңгуроо кагып келишет.

Бул маселеге “Кыргыз Республикасында 2021-2030-жылдарга карата мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоо концепциясында” өзгөчө маани берилген. Демек, тарбия маселеси дүйнөлүк деңгээлде кайра кароону, жаңылоону талап кылууда.

Тарбиялоо иши окуу предметтерди окутуп-үйрөтүү аркылуу ишке ашат. Бала өздөштүрүп жаткан предметтер боюнча билим, билгичтик, көндүмдөрдү, компетенттүүлүктөрдү өздөштүрүү учурунда тарбияланат. Андыктан, окуу процессин тарбиялоодон ажыратып кароого мүмкүн эмес. Анын биринчи бөлүгү билим алуу болсо, экинчи бөлүгү тарбия болуп, алар тыгыз байланышта каралат. Кайсы гана предметти албайлы, анын тарбия берүү жагын да өз ичине камтып турат. Окуу процессинде предметтерге кошумча тарбиялык сааттар, класстан тышкаркы ишмердик, коомдук иш-чаралар кошо камтылган.

Келечектеги жаш муундарды тарбиялоодо мугалимдердин, класс жетекчилердин, социалдык педагогдордун, ата-энелердин, коомчулуктун бирдиктүү жана максатуу ишмердүүлүгү негизги ролду ойнойт. Алар менен биргеликте коомдогу социалдык- саясий, экономикалык ж.б. өзгөрүүлөргө жеңил ыңгайлашуу менен маселе чечүүгө, өз ишин жакшы аткарууга жөндөмдүү, укуктук - демократиялык мамлекеттин ыймандуу жана маданияттуу атуулдарын тарбиялоо мүмкүнчүлүгүнө жете алабыз.

Учурдагы дүйнө жүзүндө болуп жаткан саясий, экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөр билим берүү системасына өз таасирин тийгизүүдө. Азыркы кезде мектепте ааламдашуу шартында эмгектене турган ар тараптуу өнүккөн компетенттүү адистерди даярдоого болгон талап жогору. Бүгүнкү күнү ЖОЖдордо окуу-тарбия процессинин сапатын жогорулатуу жана кесиптик даярдоону жакшыртуу максатында жаңы муундун мамлекеттик билим берүү стандарттарын иштелип чыкты. Анда жогорку билим берүүнүн шарттарын өзгөртүүгө, бүтүрүүчүгө азыркы дүйнөлүк атаандаштыкка жөндөмдүү болууга мүмкүндүк берген компетенцияларга басым жасалган. Ал эми кайсы бир адис квалификациясын алуучу бүтүрүүчүгө карата талаптардын иштелип чыгуусу жана жумуш берүүчүлөр менен кызматташуу зарылдыгы да эске алынган.

Азыркы студент келечекте бала бакчанын тарбиячысы, мектепте мугалим, социалдык педагог ж.б. кесиптин ээлери. Компетенттүү адистерди даярдоодо ЖОЖдор окуу жана тарбиялоо процессине, мектептерде өтүүчү практикаларга өзгөчө маани берип келүүдө. Тарбиялык иштерди уюштуруу жана өткөрүүнүн алкагында келечектеги адистер ар тараптуу көндүмдөргө ээ боло тургандары шексиз.

Келечектеги жаш адис бала бакчаларда жана мектептерде өтүүчү көнүктүрүү, окуу жана кесиптик-профилдик практика учурунда мугалимдердин, тарбиячылардын жардамы менен тажрыйба топтоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Анда сабак өтүү менен бирге окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык тарбиялык иштерди уюштуруу жана ата-энелер менен жолугушуулардан улам мугалим-тарбиячынын кесиптик өзгөчөлүктөрүн байкай алышат. Аталган иштерден тышкары жалпы билим берүүчү орто мектептерде өсүп келе жаткан өспүрүмдөрдү тардиялоодо эң жооптуу кызматкерлердин бири болгон социалдык педагогдордун ишмердүүлүгүнө практика учурунда маани берилбей келет. Социалдык педагогдун ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгү тууралуу маалыматты педагогикалык адситикте билим алган студенттер Педагогика дисциплинасынын алкагында маалымат алышат. Ошондуктан, мектепте өтүүчү практика учурунда студент жетектей турган иш-аракеттердин катарында социалдык педагогдордун ишмердүүлүгү канчалык зарыл?- деген маселе жаралат. Себеби, квалификациялуу социалдык педагогдор аз санда болгондуктан, мектептерде

педагогикалык билими бар мугалимдер жүргүзүп келишет. Мектепте социалдык педагогдун жардамы баланы тарбиялоого жана окутууга, аны өнүктүрүүгө жана ийгиликтүү социалдаштырууга байланышкан педагогикалык компонентке ээ. Демек, балдарга социалдык жардам көрсөтүүгө багытталган иш-аракет социалдык-педагогикалык болуп саналат жана педагогикалык иштин бир түрү катары каралат.

Социалдык педагогдор өспүрүмдөрдү социалдаштыруу жана инсанды калыптандыруу процессине барган сайын көбүрөөк тартылууда. Алар билим берүү системасында балдарга белгилүү бир турмуштук кыйынчылыктарды жеңүүгө жардам берүүгө көмөк көргөзүшөт. Алардын ишмердүүлүгү негизинен балдар жана үй-бүлө менен иштөөгө багытталган. Эгерде кандайдыр бир себептерден улам ата-эне балага анын көйгөйлөрүн чечүүдө жардам бере албаса, социалдык педагог бул милдетти аткарууга умтулат. Анын ишинин мазмуну квалификациялык мүнөздөмөгө ылайык педагогикалык чеберчилиги аркылуу аныкталат.

Социалдык педагог укуктар жана милдеттер, колдо болгон жеңилдиктер жана жөлөк пулдар маселелери боюнча консультацияларды уюштуруп, өткөрөт. Билим берүү процессинин катышуучуларынын көйгөйлөрүн чечүүнүн мүмкүн болгон жолдорун сунуштайт, колдо болгон юридикалык документтерди жана мүмкүнчүлүктөрдү толук пайдалануу менен социалдык жардам көрсөтө алат.Аталган педагог өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө төмөндөгүдөй милдеттерди аркалайт:

Класста тарбия иштерин уюштуруу;

- ✓ Жеке адамдын жалпы маданиятын калыптандыруу багыттары;
- ✓ Инсандын коомдогу жашоого ыңгайлашуусу;
- ✓ Айлана-чөйрөдөгүлөрдүсыйлоо;
- ✓ Инсандынпсихологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрүн жана анын жакынкы чөйрөсүн, жашоо шарттарын изилдөө;
- ✓ Окуучулардын кызыкчылыктарын жана муктаждыктарын аныктоо;
- ✓ Проблемаларды, чыр-чатактарды ачуу, өз убагында социалдык жардам жана колдоо көрсөтүү;
- ✓ Жүрүм-турумдагы четтөөлөрдү изилдөө;
- ✓ Инсан менен билим берүү мекемесинин, үй-бүлөнүн, чөйрөнүн, бийлик органдарынын ортосунда ортомчу катары иш алып баруу;
- ✓ Ыңгайлуу жана коопсуз шарттарды түзүү, окуучулардын өмүрүн жана ден-соолугун коргоону камсыз кылуу;
- ✓ Класстан тышкаркы мезгилде окуучулардын талантын, акыл-эс жана физикалык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;
- ✓ окуучуларга, камкорчулукка жана көзөмөлчүлүккө муктаж болгон
- ✓ балдарга, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарга, ошондой эле экстремалдык кырдаалга туш болгондорго жардам көрсөтүү боюнча мугалимдер, ата-энелер (аларды алмаштыруучу адамдар), социалдык кызматтардын, үй-бүлө жана жаштарды ишке орноштуруу кызматтарынын адистери жана башка кызматтар менен иш алып баруу;
- ✓ окуучулардын үй-бүлөлөрүнө мезгил-мезгили менен рейддерди өткөрүү.

Социалдык педагогдун иш багыттарына кайрылсак:

- ✓ Тобокелдик топторгдогу балдар менен иштөө;
- ✓ Баңгиликтин, аракечтиктин, тамеки тартуунун алдын алуу;
- ✓ Селсаяктыктын алдын алуу;
- ✓ Жетим балдар менен иштөө;
- ✓ Камкордукка алынган балдар менен иштөө;
- ✓ Толук эмесүй-бүлөлөр менен иштөө;
- ✓ Ата-энеси аракеч болгон балдар менен иштөө;
- ✓ Балдар активисттери менен иштөө;
- ✓ Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен иштөө ж.б.
- ✓ Социалдык педагог төмөнкү маселелер менен алектенет:

- ✓ Ичкилик, наркомания, тамеки чегүү.
- ✓ Депрессия.
- ✓ Жумушсуздук.
- ✓ Майыптык.
- ✓ Табигый кырсыктар.
- ✓ Социалдык адаптация.

Мектептин соцпедагогу өз ишин уюштурууда баланы ата-энелик ырайымсыздыктан, өзүмчүлдүктөн ж.б. коргоого өзгөчө көңүл бурат. Ошону менен катар социалдык жардамга муктаж балдарды аныктайт. Алар болжолдуу түрдө төмөндөгүдөй багыттарда каралат: өздөрүнүн жөндөмдүүлүгүнөн улам мектеп курсун өздөштүрө албаган начар балдар; мектепте же үй-бүлөдө стресске дуушар болгондор; ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелгендер, баңгиге же ичкиликке берилипкеткен мектеп окуучулар ж.б. Көбүнчө алар жашы жете электердин иштери боюнча комиссияда каттоодо турат. Ошондой эле, алардын айрымдары таланттуу балдардан.

Социалдык педагог окуучунун окуу-тарбия иштеринде ата-энеси менен биригип, анын класстан тышкаркы убактысын уюштуруу иштерине катыша алышат. Мезгил-мезгили менен мектептин педагогикалык жамаатына класстардагы психологиялык климат, ар бир иш алып бара турган бала жана ага жардам берүү жөнүндө маалымат берип турат.

Социалдык педагог үй-бүлө менен адистердин – психологдордун, социалдык кызматкерлердин, дарыгерлердин, юристтердин, бийлик органдарынын жана коомчулуктун өкүлдөрүнүн ортосунда кызматташтыкты уюштурат . Бул үчүн социалдык педагогдун айылдын, райондун, шаардын, мекемелердин жана коомдук бирикмелердин ар кандай социалдык кызматтары менен жакшы жолго коюлган байланышы, административдик органдардын структурасын жана ыйгарым укуктарын, алардын жайгашкан жерин жана телефон номерлерин жакшы билүү максаттуу иш алып баруусуна таасирин тийгизет.

Социалдык педагогдун ишмердүүлүгү негизинен окуучулардын инсандыгы үчүн психологиялык жагымдуу жагдай жана коопсуз чөйрөсүн түзүүгө, алардын өмүрүн жана ден соолугун коргоону камсыз кылууга, социалдык чөйрөдө гумандуу, моралдык жактан сергек мамилелерди орнотууга көмөктөшүүгө тийиш. Андыктан баланын ар тараптуу өнүгүшүн камсыз кылуу үчүн бүтүндөй коомдун, бардык мамлекеттик жана коомдук түзүлүштөрдүн, класс жетекчинин, предметтик мугалимдердин, ата-эненин күч-аракети маанилүү роль ойнойт.

Жыйынтыктап айтканда, социалдык педагог балдардын кызыкчылыктарын, үй-бүлөдөгү мамиледен чыккан көйгөйлөрүнөн башка жашоо образын изилдейт. Ага паралеллдүү үй-бүлөнү изилдейт, ага кризистик кырдаалдарда жардам берет, айлана-чөйрөнү жакшыртууга, коомдун психологиялык-педагогикалык маданиятын жогорулатууга жардам берет, алардын кызыкчылыктарын коргойт. Себеби, балдардын өнүгүүсүнө үй-бүлө, ата-эненин таасири өтө зор. Сүйүү жана түшүнүү атмосферасында өскөн балдардын ден-соолугунда, окууда, курдаштары менен баарлашууга тийиштүү көйгөйлөр жокко эсе болмокчу. Эреже катары, ата-энелер мамилелеринин бузулушу балдарда ар кыл психологиялык көйгөйлөр менен комплекстердин калыптануусуна алпарат деген оюбузду билдиргибиз келет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасында 2021-2030-жылдарга карата мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоо концепциясы

2. Тарбия иштеринин программасы. 1-11-класс Түзүүчүлөр: Жумабаева Г.А., Алымбаева Б.Б., Акматов К.К. Бишкек – 2020.

3. *Рахимова* М.Р., Абдыкеримова М.А. Социалдык *педагогика*: окуу куралы. -Б., 2004. - 168 б.